**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаментинин директорунун орун басары**
**Кысанов Т.А. ____________**
**«11» июня 2024-ж.**

# ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

# ДЕКАСАН
# (DECASAN)

**Соодадагы аталышы**
Декасан

**Эл аралык патенттелбеген аталышы**
Декаметоксин

**Курамы**
1 мл эритме төмөнкүлөрдү камтыйт:
*таасир берүүчү зат:* декаметоксин 0,2 мг;
*көмөкчү заттар:* натрий хлориди, инъекция үчүн суу.

**Дарынын түрү**
Сыртка жана көңдөйгө колдонуу үчүн эритме.

**Сүрөттөмөсү**
Тунук түссүз эритме.

**Фармадарылык тобу**
Антисептикалык жана дезинфекциялоочу каражаттар.
**АТХ коду** D08A.

**Фармакологиялык касиеттери**
*Фармакодинамикасы*
Декасан микробко каршы, мите козу карынга каршы таасир берет, микроб клеткасынын цитоплазматикалык мембранасында (ЦПМ) концентрацияланат жана мембрананын липиддеринин фосфатиддик топтору менен байланышат, микроорганизмдердин ЦПМ

өткөрүмдүүлүгүн бузат. Декаметоксин стафилококкторго, стрептококкторго, дифтериялык жана көк ириңдүү таякчаларга, капсулдук бактерияларга карата айкын бактерициддик таасир берет жана ачыткылар, ачыткы сымал мите козу карындарга, эпидермофитиялардын козгогучтарына, трихофитияларга, микроспорияларга, эритразмага, айрым бир көк баскан мите козу карындарга (аспергиллдер, пенициллдер) карата фунгициддик таасир берет, трихомонад, лямблийге карата протистоциддик, вирустарга карата вирусоциддик таасир берет. Антибиотиктерге туруктуу микроорганизмдерге карата жогорку активдүүлүккө ээ. Декаметоксинге туруктуу формалардын пайда болуусу узак мөөнөт колдонууда жай жүрөт жана анча көп эмес көлөмдө болот. Бактериостатикалык (фунгистатикалык) концентрациялар анын бактерициддик (фунгициддик), вирусоциддик, протистоциддик концентрацияларына окшош. Препарат менен дарылоо процессинде антибиотикке резистенттүү микроорганизмдердин антибиотиктерге сезгичтиги жогорулайт.

VeroE6 клетка культураларында жүргүзүлгөн in vitro изилдөө 0,2 мг/мл концентрациядагы декаметоксин SARS-CoV-2 вирусуна (коронавирус), COVID-19 коронавирустук оорусун пайда кылуучу вирустук таасирге ээ экендигин 60 секунд узактыкта, бул вирустун инфекциялык титринин төмөндөшүндө тастыктады.

*Фармакокинетикасы*

Препарат дээрлик былжырлуу челдер, жабыркабаган тери жана жараланган катмар тарабынан сиңирилбейт.

**Колдонууга көрсөтмөлөр**

Ириңдүү бактериялык жана теринин мите козу карын ооруларын, микробдук экземаны, жумшак ткандардын ириңдүү-сезгенген жабыркоолорун дарылоо (абсцесстер, карбункулдар, флегмондор, сыздооктуу, ириңдүү жаралар, панарициялар); стоматологиялык оорулар (стоматиттер, жара-некротикалык гингивит, курчуу баскычындагы I–II даражадагы пародонтоздун дистрофиялык-сезгенген түрү).

Ошондой эле өпкөнүн абсцессинде, бронхоэктатиялык ооруда, ириңдеп оордошуп кеткен өпкөнүн кистоздук гипоплазиясында, курчуу фазасындагы өнөкөт бронхитте, өнөкөт тонзиллитте, ангинада, стафилококк жана дифтериялык таякчаларды алып жүрүүдө, жара колитинде, парапроктитте да колдонууга көрсөтүлгөн.

Гинекологиялык тажрыйбада – жыныс кындын былжыр челинин кандидозун, микробдордон пайда болгон гениталийдин сезгенген ооруларын дарылоо үчүн, төрөт жолдорунун төрөт алдындагы санациялары, төрөттөн кийинки эндометритти дарылоо.

Ириңдүү-сезгенген ич көңдөй жана плевралдык көңдөй ооруларында.

Медперсоналдын колунун терисин жана кол каптарын оорулууну карап жатканда гигиеналык дезинфекция кылууга жардам берет, медициналык манипуляцияларды жүргүзүү жана кичине хирургиялык кийлигишүүлөрдү жасоодо керектелет, медициналык инструменттерди стерилизация алдында дезинфекциялоо жана металл, резина, полимер материалдарынан жана айнектен турган диагностикалык жабдууларды тазалоо.

**Каршы көрсөтмөлөр**

Препараттын курам бөлүктөрүнө жекече жогорку сезгичтик.

**Башка дары каражаттары менен өз ара таасири жана өз ара таасирлердин башка түрлөрү.**

*Фармацевтикалык:* декаметоксин катиондук үстүртөн-активдүү зат болуп саналат, ошондуктан ал самын жана башка аниондук байланыштар менен дал келбейт.

*Фармакодинамикалык*: декаметоксин антибиотикке туруктуу микроорганизмдин антибиотиктерге сезгичтигин жогорулатат.

**Колдонуунун өзгөчөлүктөрү**

Декасанда колдонулган концентрацияларда декаметоксин токсиндүү таасирге ээ эмес.

Декасанды узак мөөнөт колдонуу эч кандай токсиндүү реакцияларды козгобойт. Колдонуунун алдында препаратты 38 °С га чейин жылытуу таасирдин натыйжасын жогорулатат. Сезгенген көрүнүштөрдө жана тери дүүлүгүүсүндө препарат дистилляцияланган сууда 1:1 же 1:2 ара катышында суюлтулат.

*Кош бойлуулук же бала эмизүү мезгилинде колдонуу.*

Кош бойлуулук же бала эмизүү мезгилинде колдонуу боюнча алдын ала эскертүүлөр жок.

*Авто унааны же башка механизмдерди башкарууда реакциянын ылдамдыгына таасир берүү жөндөмдүүлүгү.*

Авто унааны башкарууда же башка механизмдер менен иштөөдө реакциянын ылдамдыгына таасир берүүсүнө карата алдын ала эскертүүлөр жок.

**Колдонуу жолу жана дозасы**

Теринин ириңдүү жана мите козу карын жабыркоолорунда, ириңдүү жарааттарда эритме жууш үчүн, дарыга чыланган чүпүрөк менен басууга колдонулат. Проктитти жана жара колитин дарылоо үчүн жылуу эритме клизма түрүндө 50–100 мл дан суткасына 2 жолу курч сезгенүүнүн симптомдору толук кеткенге чейин колдонулат. Жаракаларда, өнөкөт парапроктитте, Декасан менен күн сайын 3–4 сутка бою жуулат. Чоңдордун табарсыгын жууш үчүн декаметоксиндин эритмесин тазартылган суу менен 500–600 мл (дарылоо курсуна 7–20 жуу) дозада болжолдуу 1:7 аралаштыргандан кийин колдонулат.

Ооз көңдөйдүн былжыр челинин жабыркоосу аппликациялар жолу аркылуу 25–50 мл дан 10–15 минута ичинде дарыланат, же болбосо чайкоо жолу аркылуу дарыланат (100–150 мл). Курчуу баскычындагы I–II даражадагы пародонтоздун дистрофиялык-сезгенген түрүн жылуу эритме менен ирригация жолу аркылуу бүйлөлөрдүн патологиялык чөнтөкчөлөрүн (50–70 мл) дарылашат, же болбосо сезгенген көрүнүштөр бүткөнгө чейин тиш бүйлөлөрүнө аппликациялар түрүндө колдонушат. Жара-некротикалык гингивити, ооздун былжыр челинин кандидоздук жабыркоосу бар оорулууларга суткасына 4 жолу 5–10 күн бою оозду чайкоо дайындалат (100–150 мл).

Алкым бездеринин кандидозун, өнөкөт тонзиллитти дарылоодо алкым бездин лакундары жуулат (жууганга 50–75 мл).

Стафилококкту, дифтериялык таякчаларды ташып жүрүүчүлөрдү санациялоону алкымды эритме менен чайкоо аркылуу жүргүзүлөт, лакундарды жуу, мурун-кулкун көңдөйүн суулоо, алкым бездерди суулоо аркылуу болот. Лакундарды күн алыс 3–5 жолудан жуушат.

Чоңдордун өпкөсүнүн абсцессинде, бронхоэктатикалык ооруда, өпкөлөрдүн кистоздук гипоплазияларында, өтүшүп кеткен ириңдөөдө, курчуу фазасындагы өнөкөт бронхитте Декасан эндобронхиалдык түрдө куюлат:

- микротрахеостома аркылуу 25–50 мл дан күнүнө 1–2 жолу; трансназалдык катетер аркылуу 5–10 мл дан күнүнө 1 жолу;
- ультра добуштук ингаляциялар ыкмасы менен күнүнө 5–10 мл дан 1–2 жолу;
- трахеобронхиалдык дарактын лаважынын жардамы менен 100 мл көлөмүндө.

Дарылоонун созулуу убактысы – 2–4 жума.

Курсак жана плевра көңдөйлөрүндө ириңдүү-сезгенген ооруларды дарылоодо жабыркаган аймакты Декасан менен ашыра толтурушат, экспозициясы 10 минутадан кем эмес болот. Зарыл болгон учурда, ошондой эле «туюк» тигип салууда (дренажсыз), көп жолу операциялык көңдөй толтурулат, андан кийин эритме жууган суу тазарганга чейин көп жолу колдонулат. Көңдөйгө суу жүгүртүүнү агызып-жуучу дренаж же пункциялык ыкманын жардамы менен жүргүзүү керек.

Жыныс кындын былжыр челинин микробдук жана мите козу карындык трихомонаддык жабыркоосун дарылоо үчүн Декасан чачыратып жуу жолу аркылуу колдонулат (50–100 мл 38 °С га чейин жылытылат, препарат күнүнө 3 жолу колдонулат). Ушундай ыкма менен төрөт алдында төрөт жолдоруна санация бир жолу жүргүзүлөт. Төрөттөн кийинки эндометритти дарылоо жатын көңдөйүн жылуу препарат менен суткасына 2 жолу (150–200 мл) жуу жолу аркылуу ишке ашат.

Колдун терисинен жугуп калуулардан коргоо үчүн колду жана резина кол каптарды алдын ала жуулгандан кийин 5–10 мл препарат менен сыртынан сүртүү керек, бирдей бардык аймакка сүртүлөт, ал дезинфекцияга жатат, 5 минута ичинде жүргүзүлөт.

Тазаланган медициналык инструменттер, эрин тирегичтер, түтүктөр жана жабдуулар эритмеге 30 минута салынып, дезинфекцияланат.

*Балдар*

Курчуу фазасындагы өнөкөт бронхити бар 12 жаштан жогору балдарды дарылоо үчүн суткасына 5–10 мл дан 1–2 жолу ультра добуштук ингаляциялар ыкмасы менен колдонулат. Калган көрсөтмөлөрдө 18 жашка чейинки балдарга колдонуунун тажрыйбасы жок.

**Ашыкча доза**

Сиңирүүнүн жоктугуна байланыштуу ашыкча доза байкалбайт.

**Кыйыр реакциялар**

Абдан сейрек учурларда кээ бир бейтаптарда жогорку жекече сезгичтик болушу мүмкүн. Мындай адамдар препаратты колдонгондон кийин териде бөртмө, ачышуу, кургоо, кычышуу жана башка жерлерде жергиликтүү аллергиялык реакциялар пайда болушу мүмкүн, эндобронхиалдык түрдө куюда көкүрөктө ысык сезими пайда болушу мүмкүн, бул нерсе процедура аяктагандан кийин 20–30 минута өткөндө өз алдынча кетет.

**Шектүү жагымсыз реакциялар жөнүндө маалымат**

Шектелген жагымсыз реакциялар тууралуу дары препаратынын «пайда-кооптуулук» балансына үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү, дары каражатын каттоодон өткөндөн кийин кабарлоо маанилүү. Медицина кызматкерлери Кыргыз Республикасынын Жагымсыз реакциялар жөнүндө улуттук маалымат системасы аркылуу ар кандай шектүү жагымсыз реакциялар жөнүндө билдирүүгө чакырылат:

Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаменти

http://www.pharm.kg

Мындан сырткары маалыматты электрондук дарек аркылуу жөнөтүүгө болот asia.kppv@uf.ua же төмөнкү телефон аркылуу кайрылса болот: +996 550 740402.

**Жарактуулук мөөнөтү**

3 жыл.

**Сактоо шарты**

25 °С дан жогору эмес аба табында, жарыктан корголгон жерде сактоо керек. Тоңдурууга болбойт. Балдар жетпеген жерде сактоо керек.

**Таңгагы**

200 мл, 400 мл айнек флакондордо.

**Берүү шарты**

Рецепти жок.

**Өндүрүүчү**

«Юрия-Фарм» ЖЧК

**Өндүрүүчүнүн жайгашкан жери**

Украина, 18030, Черкассы обл., Черкассы ш., Кобзарь көч., 108.

Тел.: +38 (044) 281-01-01.